# Кыямат күнү Аллахтын алдында азабы катуу боло турган адамдар - Аллахтын жараткан нерселерине окшошту тарткандар" - деди.

Ыймандуулардын энеси Айша (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Мага Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кирди. Мен сүрөттөрү бар, жука, жүн кездемени (текчеге) парда кылып тартып койгон элем. Аны көрүп, өңү өзгөрүп кетти да, илинген жеринен сыйрып алды. Анан: "Айша! Кыямат күнү Аллахтын алдында азабы катуу боло турган адамдар - Аллахтын жараткан нерселерине окшошту тарткандар" - деди. Айша энебиз айтат: Анан биз аны кесип алып, бирби, экиби жаздык жасап койдук.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Айша энебиздин бөлмөсүнө кирип, ал буюм-терим койгон текчесине жандуулардын сүрөттөрү бар кездемени парда кылып тартып койгонун көрөт. Аллах үчүн ага ачууланып өңү өзгөрүп, аны сыйрып алып мындай дейт: Кыямат күнү катуу азаптала турган адамдар Аллахтын жаратканына окшош нерселерди тарткан адамдар. Айша энебиз: анан андан бир же эки жаздык жасап койдук - дейт.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee